**«БЕКИТЕМИН»**
**Кыргызстан ислам университетинин**
**ректору Нарматов А.И.**

_______________________

“ 25 ” 03 2019ж.

**Модулдарды окутуу жана Билимди баалоо жараяндарын**
**онлайн режиминде уюштуруу жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

1.1. Жобо Кыргыз Республикасында киргизилген өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында Кыргызстан ислам университетинде 2019-20- окуу жылынын 2-семестрынын 1-2-Модулдарын жана Жыйынтыктоочу текшерүүлөрүн онлайн режиминде уюштуруу максатында иштелип чыкты.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы №354 токтому менен бекитилген билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартибине ылайык, кесиптик орто билим беруу жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдагы пандемияга карата чыгарган буйругунун негизинде иштелип чыкты.

1.3. Жобо өлкөдө жана университетте түзүлгөн башка кырдаалдар учурунда деле Модулдарды окутуу жана Билимди баалоо жараяндарын онлайн режиминде уюштуруу үчүн кызмат кылат.

## 2. МОДУЛДАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМДИ БААЛОО ЖАРАЯНДАРЫН ОНЛАЙН РЕЖИМИНДЕ УЮШТУРУУНУН ТАРТИБИ

2.1. Кыргызстан ислам университетинде 2019-20- окуу жылынын 2-семестрынын 1-2-Модулдарын окутуу жана билимди баалоо жараяндары онлайн режиминде жүргүзүлөт.

2.2. Онлайн режиминде билим алуучу студенттерди маалыматтык билим берүүчү ресурстардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана усулдук, уюштуруучулук, иштерди ишке ашыруунун техникалык жана программалык каражаттарынын жыйындысын, анын субъекттеринин жайгашкан жерине карабастан, глобалдык жана локалдык компьютердик тармактарды колдонууга негизделген интернет-технологияларынын жардамы менен жүргүзүлөт.

## 3. МОДУЛДАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМДИ БААЛОО ЖАРАЯНДАРЫН ОНЛАЙН РЕЖИМИНДЕ УЮШТУРУУНУН ИНТЕРНЕТ-ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

3.1. Модулдарды окутуу жана билимди баалоо жараяндарын онлайн режиминде уюштурууда төмөнкү интернет-технологиялары колдонулат:

- аралыктан окутуу режиминде видеоконференциялар;
- компьютердик тестирлөө режиминде;
- файлдар менен алмашуу (жождун аралыктан билим берүү системасын/порталын жана/же электрондук почтаны колдонуу менен) же форумдарда жана чаттарда билдирүүлөр менен алмашуу аркылуу өткөрүлөт.

3.2. Видеоконференция режими окутуучу менен студенттердин бири-бирин көрүү жана угуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусун камсыздайт.

3.3. Интернет-каналдын жетиштүү өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, видеоконференциялык байланыш системасынын тиешелүү техникалык мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөндө, трансляцияланып жаткан колдонуучулардын санын (үч жана андан көп) көбөйтүү мүмкүн. Мындай абал окутуучу менен студенттердин ар түрдүү аймактарда тургандарына карабастан ишке ашырылат.

## 4. МОДУЛДАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМДИ БААЛОО ЖАРАЯНДАРЫН ОНЛАЙН РЕЖИМИНДЕ УЮШТУРУУНУН КОМПЬЮТЕРДИК ТЕСТИРЛӨӨ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

4.1. Модулдарды онлайн режиминде окутуу жараяны окутуучу менен студенттердин ортосунда үчүнчү жакдын катышуусу жок жүргүзүлөт.

4.2. Билимди баалоо жараянын онлайн режиминде өткөрүү учурунда, окутуучу жеке өзү жана/же атайын түзүлгөн комиссия жүргүзөт.

4.3. Компьютердик тестирлөөнү аралыктан билим берүү системаларына киргизилген куралдардын же өзүнчө куралдардын жардамы менен өткөрүүгө болот.

4.4. Тестирлөө процесси автоматташтырылууга тийиш. Тестирлөөнүн жыйынтыктарын автоматташтырылган түрдө иштеп чыгуу.

4.5. Баалоо процедураларын, тестирлөөнүн жыйынтыктарын документтештирүү.

4.6. Тестирлөөнүн жыйынтыктарын жана студенттердин жеке маалыматтарын сактоону автоматташтыруу.

## 5. ФАЙЛДАР МЕНЕН АЛМАШУУ ЖЕ ФОРУМДАРДА ЖАНА ЧАТТАРДА БИЛДИРҮҮЛӨР МЕНЕН АЛМАШУУ РЕЖИМИ

5.1. Файлдар менен алмашуу же форумдарда жана чаттарда билдирүүлөр менен алмашуу режиминде модулдук жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдө аталган файлдарды же билдирүүлөрдү жана студенттердин жеке маалыматтарын сактоо камсыздалышы керек.

5.2. Модулдук жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү өткөрүүгө эки күндөн кем эмес убакыт калганда техникалык каражаттардын жарамдуулугун (интернеттин ылдамдыгы, микрофондун, камеранын жана үндүн иштешин) текшерүү, ошондой эле окутуучу менен студенттерге экзаменди өткөрүүнүн форматын түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл.

## 6. БИЛИМДИ БААЛОО ЖАРАЯНДАРЫН ОНЛАЙН РЕЖИМИНДЕ УЮШТУРУУ КОМИССИЯСЫ

6.1. Жыйынтыктоочу текшерүү (жыйнтыктоочу экзамендер) жараяндарын онлайн режиминде уюштуруу үчүн ректордун буйругу менен Комиссия түзүлөт.

6.2. Комиссия кеминде үч адамдан турат. Төрага менен катчы ректор тарабынан дайындалат.

## 7. БИЛИМДИ БААЛОО ЖАРАЯНДАРЫН ОНЛАЙН РЕЖИМИНДЕ БИЛЕТ ТҮРҮНДӨ ЖҮРГҮЗҮҮ

7.1. Жыйынтыктоочу текшерүү (жыйнтыктоочу экзамендер) жараяндарын онлайн режиминде уюштуруу үчүн ректордун буйругу менен Комиссия түзүлөт.

7.2. Комиссия кеминде үч адамдан турат. Төрага менен катчы ректор тарабынан дайындалат.

7.3. Экзамен башталганга чейин комиссиянын катчысы тарабынан студенттерди идентификациялоо жүргүзүлөт.

7.4. Билеттерди таратуу аралык режиминде жүргүзүлөт: студент сандарды кокустан тандоо (random) программасы аркылуу билеттин номерин алат, ал экранга чыгат жана экрандын скриншоту жасалат. Катчы камераны каратып, тандалган номери менен билетти көрсөтөт жана протокол үчүн сүрөтүн сактап коёт.

7.5. Белгиленген убакыт ичинде студент жооп берүүгө даярданат. Ошол эле учурда видеоконференция байланышын өчүрбөстөн, анын даярдануусуна көзөмөл жүргүзүлөт.

7.6. Даярдыгына жараша студенттерге кезек боюнча сөз берилет. Студенттер жазуу түрүндөгү жоопторду сүрөткө тартышат же жоопторду жеке компьютерде тексттик редакторго терип жазат, pdf файлга конвертациялайт жана Комиссиянын катчысы тарабынан көрсөтүлгөн электрондук почтага же WhatsApp номерге жиберишет.

7.7. Бардык алынган жооптор кагазга басылып чыгарылат жана Комиссиянын төрагасы менен катчысы тарабынан кол коюлат.

7.8. Студенттерге бааларды жарыялоо комиссиянын мүчөлөрүнүн жабык отурумунун жыйынтыгы боюнча Комиссиянын төрагасы тарабынан ишке ашырылат, мында конференциянын уюштуруучусу студенттерди алдын ала макулдашылган убакытта кошот.

7.9. Жыйынтыктоочу текшерүү өткөрүлгөндөн кийин жыйынтыкталган ведомость басып чыгарылат жана Комиссиянын төрагасы, катчысы жана мүчөлөрү кол коюшат.

## 8. БИЛИМДИ БААЛОО ЖАРАЯНДАРЫН ОНЛАЙН РЕЖИМИНДЕ КОМПЬЮТЕРДИК ТЕСТИРЛӨӨ ФОРМАСЫНДА ЖҮРГҮЗҮҮ

8.1. Жыйынтыктоочу текшерүү (Аттестациялык сыноолор) Компьютердик тестирлөө формасында – университет тандап алган билим берүү порталы (AVN, CIASSROOM ж.б.у.с.) аркылуу өткөрүлөт.

8.2. Тестирлөөнү өткөрүү үчүн тест-суроолор тиийштүү кафедралар тарабынан алдына ала даярдалат.

8.3. Тестирлөөнү өткөрүү үчүн түзүлгөн тест-суроолору ар бир дисциплина боюнча өзүнчө түзүлөт жана саны – 4 варианттуу 30 суроодон кем болбоого тийиш.

8.4. Тестирлөө Мамлекеттик Жыйынтыктоочу Аттестациялоо үчүн уюштурулган учурда, тест-суроолору ар бир дисциплина боюнча өзүнчө түзүлөт. Комплекстүү сынак үч дисциплинадан турган учурда саны – 4 варианттуу 30 суроодон кем болбоого тийиш. Ал эми Комплекстүү сынак эки дисциплинадан турган учурда саны – 4 варианттуу 50 суроодон кем болбоого тийиш.

8.5. Студенттер тестирлөөдөн өтүү үчүн алдын ала белгиленген мөөнөттө каттоодон өтүшөт.

8.6. Тестирлөө өткөрүү убактысы тесттин программасына ылайык, белгиленет жана бекитилет.

8.7. Бардык алынган жооптор кагазга басылып чыгарылат жана Комиссиянын төрагасы менен катчысы тарабынан кол коюлат.

8.8. Жыйынтыктоочу текшерүү өткөрүлгөндөн кийин жыйынтыкталган ведомость басып чыгарылат жана Комиссиянын төрагасы, катчысы жана мүчөлөрү кол коюшат.

## 9. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ КОРУТУНДУЛАР

9.1. Жыйынтыктоочу текшерүү комиссиясынын бардык чечимдери боюнча протоколдор түзүлөт.

9.2. Дистанттык технологияларды колдонуу Жыйынтыктоочу текшерүү уюштурулган кезде процесс видеого жаздырылат жана отурумдардын протоколдору менен бирге сакталат.

9.3. Онлайн режиминде Жыйынтыктоочу текшерүү уюштуруу, өткөрүү боюнча жеке жоопкерчилик курамдардын жетекчилерине (декан) жана кафедра башчыларына жүктөлөт.

9.4. Онлайн режиминде Жыйынтыктоочу текшерүү жүргүзүү учурунда форс-мажордук жагдайлардан улам байланыш үзгүлтүккө учураса, Комиссиянын терагасы студентке аттестациялык сыноодон кайрадан өтүү үчүн кошумча убакытты белгилейт.

9.5. Жыйынтыктоочу текшерүүлөргө жүйөлүү себептер (тастыкталаган медициналык корутундулар, үй-бүлөлүк жагдайлар ж.б.у.с.) менен катышпаган студенттерге университеттен четтетилбесден, башка учурда Жыйынтыктоочу текшерүүлөрдөн өтүү мүмкүнчүлүгү берилет.

9.6. Жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү жүргүзүү комиссияларынын кошумча отурумдары университет тарабынан аныкталган тартипте уюштурулат.

**Түзгөн:**
**Гуманитардык билимдер факультетинин**
**деканынын м.а. Ш. Исмаилов**